# БИ-БИ-СИНИН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ УКТУРУУЛАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ЫКМАЛАРЫ

**ДҮЙШЕКЕЕВА А.Т.**

*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*
**УДК 002.7030:621.396**

***Аннотация.*** *Бул макалада Би-Би-синин кыргыз кызматы жана Коомдук биринчи каналдын кызматташуусунун натыйжасында телеэкранда тартууланып жаткан “Сапар” программасы жөнүндө сөз болгон. Негизинен “Сапар” программасынын контенти дүйнөнүн булуң-бурчунан алынган ар түрдүү тематикадагы актуалдуу, кызыктуу материалдардан турат. Сюжеттик элементтер негизинен журналист А. Койчиеванын Ашхабаддагы түркмөн тулпарынын майрамынан алынган репортажында талдоого алынган.*

***Урунтуу сөздөр:*** *Би-би-си, коомдук канал, “Сапар” программасы, контент, сюжет, видеокатар, кадр, интершум, синхрон, репортаж, текст.*

***Аннотация.*** *В статье говорится о программе “Сапар”, которая появилась в результате сотрудничества с кыргызской службой Би-би-си и Первого общественного канала. В основном контент программы содержит актуальные, интересные материалы на различные темы с различных частей мира. Анализированы сюжетные элементы в структуре репортажа журналиста А.Койчиевой из Ашхабада, посвященной празднику туркменскому иноходцу.*

***Ключевые слова:*** *Би-би-си, общественный канал, программа “Сапар”, контент, сюжет, видеоряд, кадр, интершум, синхрон, репортаж, текст.*

***Abstract:*** *In the articltalked about the program "Sapar", that appeared as a result of cooperation with the Kyrgyz BBC service and the First public channel. Mainlyprogram content contains actual, interesting materials on different themes from different parts of the world. The subject are analyzed elements in structure of the reporting the journalist A. Koychiyeva from Ashgabat devoted to a holiday to the Turkmen ambler.*

***Keywords:*** *BBC, public channel, “Sapar” program, content, plot, video series, shot, upsound, synchrony, reporting, text.*

Би-би-синин программалары дүйнөлүк радиоуктуруулар мейкиндигинде үлгү катарында эсептелинет. XX кылымдын 90-жылдарында казакстандык окумуштуу М. Барманкулов телекөрсөтүүлөрдүн айрыкча бай өлкөлөрдө кеңири таркагандыгына карабастан, Азияда радио маалымат алуунун эң башкы булагы бойдон калгандыгын айткан. Айрыкча, алмаалыматтаркатууда эл аралык радиоуюмдардынролун баса белгилеген: “Би-би-си, как всемирная, так и восточные службы, пользуются, пожалуй, самой высокой репутацией и являются наиболее используемым источником новостей в Азии”. [1.С.95]

Би-би-синин такшалган журналисттери дүйнөнүн кайсы өлкөсүндө кандай окуя болбосун ошол жерлерден күбө болушуп, маалыматтарды жеткирип турушат. Такталбаган, аныкталбаган материалдар эфирге чыгарылбайт. Би-би-синин Дүйнөлүк кызматынын кыргыз кызматы да бул корпорациянын негизги принциптерин так сактоо менен иш жүргүзөт. Кыргыз кызматынын продюссери Г. Касмамбетова мындай деп белгилейт: “Би-Би-Синин радио берүүлөрү эл аралык соңку кабарлар менен тааныштырып, жалпы мазмуну дүйнөлүк жана чөлкөмдүк окуялардын анализи, маданий жана коомдук актуалдуу көрүнүштөр тууралуу баяндамалардан, кызыктуу кишилер менен маектерден турат.” (2.56-67б )

Корпорациянын максаты жеке кызыкчылыктарга көз каранды болбостон, этикалык нормаларды сактоо менен коомго кызмат кылуу болуп саналат. Ошондуктан кандай гана материалдар даярдалбасын, *бейтараптуулук, тактык, чынчылдык, адамдарга жана*

*салттарга карата көз караштарды толук жана ачык берүү, редакциялык бүтүндүк жана көз карансыздык, адамдын жеке турмушун сыйлоо, мыкты табитти жана сыпайылыктын нормаларын сактоо, коомго каршы жана кылмыштык жүрүм-турумду иммитациялоого жол бербөө, балдардын коопсуздугун коргоо, интервью берген адамдарга чынчыл мамиледе болуу, аудиторияны сыйлоо, коммерциялык кызыкчылыктырдан көз карандысыз болуу* сыяктуу принциптерин тутунат. (3. WWW.bbc.RUSSIA.COM)

Көп жылдардан бери Би-би-синин кыргыз тилиндеги берүүлөрүн даярдап келген журналист Г. Касмамбетова кыргыз редакциясы бул корпорациянын салтын, имиджин сактоого аракет жасай тургандыгын билдирген: *"Биз да өз ишибизде дайыма окуялардын, жаңылыктардын чордонунда болуп, маалыматтарды, кабарларды дайыма биринчи булактан аларга түздөн-түз аралашып жүргөн адамдардан алууга, фактыларга, окуяларга кеңири спектрден, объективдүү процесстердин тутумунан кароого аракеттенебиз"* (4. Кыргыз Туусу.11-14-июль, 2003)

Ошентип Би-би-си Дүйнөлүк кызматынын кыргыз редакциясы программаларында Кыргызстандын дүйнөлүк коомчулуктагы, Борбордук Азия аймагындагы ролу кандай, дүйнөлүк процесстер Кыргызстанга кандай таасирин тийгизет, же болбосо Кыргызстанда болуп жаткан окуялар коңшу өлкөлөр тарабынан кандай кабыл алынат деген суроолордун өңүтүндө чагылдыруу аракеттерин ишке ашырат.

Негизинен чыгарылыштардын төмөндөгүдөй структурасы сакталат: жаңылыктар "лиддерди" окуу менен башталат. Билдирүү маанилүү эл аралык жаңылыктарга арналат. Андан кийин жаңылыктардын аталыштары кенен баяндоонун алдында кайрадан кайталанат. Байланыш каражаттары аркылуу дүйнөнүн ар түрдүү шаарларындагы өз кабарчылары эфирге кошулат. Чыгарылыштагы эң маанилүү деп эсептелген кабар кайталанышы жана тереңирээк чагылдырылышы мүмкүн. Радиокабарда цитаталар, үнү менен жазылып алынган сөздөр кеңири пайдаланылат.

Эл аралык жаңылыктарды алып баруучу регионалдык жаңылыктарды алып баруучуга сөз берет. Ошентип чыгарылыштын экинчи бөлүгү регионалдык жаңылыктарга арналат. Бул бөлүгүндө да радиоматериалдардын таасирдүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн арттырган үн жазылган кабарлар, кыска интервьюлар колдонулат. Чыгыш музыкасы фон катарында угулат. Уктуруунун ортосунда кайрадан **«лид»** берилет. Программанын экинчи жарымында күтүлгөн окуялар жөнүндө кыскача кабарлар уктурулат. Андан ары кайрадан бул күндөгү эң башкы окуяга кайрылышат.

Эл аралык жаңылыктар блогун алып баруучу жана белгилүү маселе боюнча адис менен болгон диалог берилиши мүмкүн. Бул дайыма компетенттүү адамдын пикири болуп саналат. Андан ары илим-техника, спорт жаңылыктары эфирге чыгат. Мындан кийин Би-би-синин радиосөздүгү сунуш кылынат. Аягында кайрадан күндүн эң башкы окуялары аталат.

Би-би-синин кыргыз кызматынын журналисттери Кыргызстандагы радиоугуучулары менен көзмө-көз жолугушуп, алардын пикирлерин, сунуштарын үйрөнүүгө олуттуу мамиле жасашат. Сунуш-пикирлердин негизинде программаларды тартуулоодо жаңы иш пландар иштелип чыгып, аудиторияга кызыктуу материалдарды берүүдө дайыма чыгармачылык менен изденишет.

2013-жылдын 23-апрелинде программаны Гүлнара Касмамбетова алып барып, алгач чыгарылышта бериле турган материалдарга **анонс** берилген. Кыргызстандын прессасында кызуу талкууланган маселеге кайрылып, Би-би-си "Парламент Батукаевди чыгаргандардын сары изине түштү" деген матералды алып чыккан. Студиядан Г. Касмамбетова бул темага төмөндөгүдөй **кириш сөз ("подводка")** берген: *"Крим дүйнөсүнүн атасы аттыккан Азиз Батукаев абактан бошотулуп, өлкөдөн чукул чыгып кетиши коомчулукта кызуу талкуланууда. Азыркөчөдө, интернеттегисоциалдыктармактардажанамаалыматкаражаттарындакримавторитетАзизБатукаевбашкыкаарманга айланды. Анынбиркүничиндебошоп,*

*өлкөдөнчыгыпкетишин кыргыз парламенти да бир күн кечке талкуулап, бул ишти иликтөө үчүн депутаттык комиссия түзүлдү."*

Мындан кийин кабарчы К.Чекировдун Жогорку Кеңештин залынан алынган репортажы сунушталган. Репортажда **"интершум"** - залдагы дабыштар, депутат Р. Жээнбековдун, Башкы прокурор А.Саляннованын, Чек ара кызматынын төрагасы Токон Мамытовдун **синхрондору,** журналисттин **комментарийлери** сунушталат.

Журналист К.Чекиров,ошентип бир күн ичинде бошотулуп, атайын учак менен өлкөдөн чыгып кеткен Батукаев жөнүндө түрдүү ушактар тарап, кыргыз бийлиги катуу сынга кабылгандыгын белгилейт.

К. Чекировдун атайын репортажын парламентте бул маселе талкуу болгон учурда түз алып даярдагандыгы оперативдүүлүгүн далилдейт. Мындан тышкары журналист 2004-жылы А. Батукаевге кылмыш ишин козгогон мамлекеттик ишмер, белгилүү саясатчы К. Байболовду да кепке тарта алган. Ошондой эле Жаза аткаруу боюнча улуттук комитетинин төрөгасы З. Рысалиевге түз суроо салган. Би-би-синин кабарчысы бул маселеге түздөн-түз күч түзүмдөрүнүн, бүгүнкү бийликтин катыштыгы бар жана маселеде чоң акча жатканын айтып жыйынтыктаган .

2013-жылдын 2-июнунда эфирден кеткен чыгарылышын карап көрөлү. Адаттагыдай эле программа Би-би-синин программасынын баш музыкасы менен ачылып, негизги маалыматтарга **анонс** берилди. Жарым сааттык чыгарылышында негизги окуя катарында Туркиядагы өкмөткө нааразычылык акциясы белгиленген жана бул тема улам кайталанып, тереңдетилип талданып олтурат. Бул теманы ачып берүүдө **кабар, интервью, комментарий, репортаж** жанрлары колдонулган. Журналист Гүлнара Касмамбетова программанын жүрүшүндө Би-би-синин Туркиядагы координатору менен түз байланышка чыкты.

Туркиядагы жумушчулар өкмөткө каршы акцияларды колдоо үчүн эки күн иш таштай тургандыктарын билдиришкен. 240 миңдей жумушчунун башын бириктирген солчул "Кеск" кесиптик кошундардын конфедерациясы өкмөттү "мамлекеттик террор" жасап жатат деп айыптоодо. Нааразычылык акцияларынын үчүнчү күнү Стамбул шаарынын Бешикташ районунда полиция менен кагылышуу болгон. Мечиттер, дүкөндөр, жана бир университет жаракат алгандарга жардам көрсөтүүчү убактылуу ооруканаларга айландырылган. Би-би-си Туркияда каршылык акциялары басылбай жаткандыгын билдирет.

Ошондой эле бул чыгарылышта кыргыз угармандары кызыккан Кыргызстандын Жети-Өгүз районундагы Кумтөр кенине байланыштуу митинг, Ош-Бишкек жолунун тосулушуна байланыштуу материалдар болду.

Би-би-си Кумтөр чатагы акыры кагылышууга алып келгендигин билдирген, бирок кабарда бейтараптуулук сакталган: *"Жети–Өгүз районундагы Барскоон айылында Кумтөр алтын кенине барчу жолду тосуп каршылык акциясына чыккандар менен милициянын күчтөрү кагылышып, эки тараптан тең жаракат алган адамдар болду. Президент Жети-Өгүз районуна өзгөчө абал киргизди."*

Андан кийин беш минуталык кыскача жаңылыктарга орун берилип, негизги жаңылыктар менен Кубат Чекиров тааныштырган. Бул түрмөк дүйнөлүк жана Кыргызстандагы жаңылыктар блогунан турат:

**Дүйнө жүзү боюнча:**

1. Асад: Сирия "С-300" ракеталарынын алгачкыларын алды.
2. Лондондо аскер кызматкерлерине кол салгандарга айып тагылды.
3. Орусия: "С-300" ракеталары Сирияга сырткы кийлигишүүлөргө бөгөт коет.
4. ЖККУ Сирия чатагы эгемендик шартында чечилишин жактайт.
5. Евробиримдик Сириядагы козголоңчуларды курал менен камсыздабайт.
6. Парижде бир жыныстуу никеге каршы акция өттү.

7. Британиянын үстүндө учакта болгон инцидент боюнча эки адам камакка алынды.

8. Стокгольмдогу тополоң: жумушсуздук көйгөйүбү же ээнбаштыкпы?

**Кыргызстан боюнча:**

1.Бишкек-Ош жолу тосулду.

2.Жети-Өгүздө абал турукташып, Кумтөрдө иш жанданды.

3. Жалал-Абадда митингчилер элдик губернатор шайлашты.

4.Жети-Өгүз районундагы каршылык акциясы токтоду.

5.Джон Пиерсон: "Центерра голд" Кыргыз өкмөтү менен конструктивдүү сүйлөшүүдө.

Кабарлардын оперативдүүлүгү алардын аталыштарынан эле билинип турат, мазмунунда болсо маалыматтарды балансташтыруу, бейтараптуулук сакталган. Митингчилер тарабынан бөгөлгөн Ош-Бишкек жолу ачылбай жаткандыгы жөнүндө программанын жүрүшүндө Би-би-си **кыскача кабарлар менен үч жолу кайрылган**, бирок тексттер бирин-бирин кайталабай, улам жаңы фактылар менен толукталып олтурат:

1. *Кыргызстандын Жалал-Абад аймагындагы бөгөлгөн жол бүгүн да ачыла элек. Ош-Бишкек жолун бөгөп тургандар 2-июнда УКМК тарабынан кармалган* ***Медер Усеновду, "Ата Журт" партиясынын камактагы үч депутатын бошотууну талап кылып жатышат.***

**2.** *Жалал-Абад областында каршылык акциясына чыккандар Бишкек-Ош жолун эки жеринен бөгөп алышып,* ***жолдо миңдей автоунаа өтө албай тизилип турат.***

**3.** *Жалал-Абадда митингге чыккандар кечээ кечки саат тогуздан бери Бишкек-Ош жолун эки жеринен бууп турушат.* ***Президент Атамбаев митингчилерге азырынча күч колдонбой, бирок мыйзам бузууларды каттап турууну тапшырды.***

Эгерде биринчи кабарда митингчилердин максаты эмне экени айтылса *(...**УКМК тарабынан кармалган Медер Усеновду, "Ата Журт" партиясынын камактагы үч депутатын бошотууну талап кылып жатышат**)*, экинчи кабарда жолду тосуунун натыйжасында *"**миңдей автоунаа өтө албай тизилип турат**"* деп билдирилген. Ал эми үчүнчү **кабарда *"Президент Атамбаев митингчилерге азырынча күч колдонбой, бирок мыйзам бузууларды каттап турууну тапшыргандыгы"***жөнүндө кошумча маалыматала алабыз.

Ошондой эле Би-би-си маалыматты балансташтыруу максатында жана бейтараптык принцибин сактап Жети-Өгүздөгү митингчилердин жана ошондой эле айрым айыл тургундарынын пикирлерин берген. Премьер-министр Ж.Сатыбалдиевдин келишин угуп, жолугушууга келген айылдын тургандары бул митинг атайын уюштурулган, туристтик сезон башталганы турганда мындай ызы-чуунун кереги жок, мамлекеттин экономикасын зор зыяндар келтирилгендигин айтышса, митингдин катышуучулары аларды эч ким уюштурбагандыгын экологияга, калктын ден-соолугуна зыян келтирип жаткандыктан ушундай кадамдарга баргандыктарын билдиришкен.

Премьер-министр Ж.Сатыбалдиев менен жолугушуудан кийин каршылык акциясы токтотулуп, талаш-тартыш маселелерди чечүүнүн жолдору боюнча тараптар тил табышкандыгын кабарлаган Би-би-си.

Ал эми **аптанын негизги темасы** катарында төмөндөгү материалдар белгиленген:

1. Сирия: Аль-Кусейир шаары үчүн айыгышкан салгылашуулар.
2. Бишкекте өткөөл мезгилдин өнүгүү тажырыйбасы талкуланууда.
3. Иракта катар-катар жардыруудан кан төгүлдү.
4. Манасчылык, төкмөлүк өнөр дүйнөлүк шедеврлер тизмегин качан толуктайт?

Бир жуманын ичиндеги негизги окуяларга байланыштуу материалдарды контрасттык ыкма аркылуу жайгаштыруу менен дүйнөдө салгылашуулар, Сирия жана Ирактагы жаңжалдар жакшылыкка алып келбегендиги көрсөтүлгөн. Адан көрө ар кандай

араздашуу, митингдерге караганда Кыргызстандын өнүгүү маселеси, манасчылык, төкмөлүк өнөр алда канча бийик, маанилүү экендигин угармандарга сезүүгө түрткү берет.

Ошондой эле чыгарылышта Кыргызстандагы жалаң эле митингдерге, проблемаларга басым жасалбастан, позитивдүү маанайдагы маданий жаңылыктарга да орун берилген. Маселен, “Китепканадагы кадыр түн”, “Манасчылык, төкмөлүк өнөр дүйнөлүк шедеврлер тизмесин качан толуктайт?”, ”Ак илбирс”: Экинчи улуттук киносыйлык ээсин тапты”, “Адилет Каржоевдин “Сары Ою”, “Апсамат Масалиев 80 жашка чыкмак”, “Дүйнөлүк моданын салмагы Азияны көздөй оой алабы?” деген сыяктуу кызыктуу кыскача кабарлардын түрмөгү сунушталган.

Би-би-си адаттагындай эле англис тилинин радиосабагын да угармандарына сунуш кылды. Бул чыгарылышта “Мен жана менин досторум” темасына арналып, учурашууну жана коштошууну үйрөнүүгө көңүл бөлүндү. Демек, угармандар жаңылыктар менен гана таанышпастан, англис тилиндеги айрым актуалдуу фразалар жана айтымдарды үйрөнө алышат.

Ошентип Би-би-синин кыргыз тилиндеги уктурууларында радиоканалдын көз карашынан алганда дүйнөдө болуп жаткан эң маанилүү окуяларга аудиториянын көңүлүн буруш үчүн айрым «лиддер» үч жолудан кайталанат. Программада бир нече алып баруучунун болушу, документалдык жазылып алынган тасмаларды колдонуу жаңылыктарды кызыктуу кылып, монотондуулуктан арылтат. Бирок бирин бири комментарийлеген үндөрдүн көптүгү угуп кабыл алууну айрым учурда татаалдатып да жиберет.

Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе, Би-би-синин уктурууларына кызыгуу эфирден аталган актуалдуу проблемалар боюнча бардык жарандар телефон аркылуу өзүнүн пикирин эркин билдире алгандыгына байланыштуу. Программада алдын ала жазылып алынган пикирлер уктурулуп, адистердин, көз карандысыз эксперттердин, белгилүү саясатчылардын комментарийлери менен коштолуп турат. Мындай ыкманы колдонуу албетте, угармандарды көбүрөөк тартууга өбөлгө болууда.

**Адабияттар:**

1.Барманкулов М. Возможности космического телевидения. – Алматы: КазГУ, 1993.
2. КасмамбетоваГ. Гүл өмүр. -Б; 2005.
3. WWW.bbc.RUSSIA.CO
4. Дүйшебаев П. Айылыңда туруп ааламды ук /Кыргыз Туусу.11-14-июль, 2003)
5.Би-би-синин эфирдик уктуруулары (2013-ж. 23.04; 2.06.)